***DOI:10.26104/NNTIK.2023.41.51.014***

***Абдибалиев Э.А.***

# ОКУТУУ ӨЗБЕК ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДИН ОКУУЧУЛАРЫНА АДАБИЙ ЖОМОКТОРДУ ОКУТУУДА ОКУГАН ЧЫГАРМАГА ПИКИР ЖАЗУУ СТРАТЕГИЯСЫНЫН РОЛУ

***Абдибалиев Э.А.***

# РОЛЬ СТРАТЕГИИ НАПИСАНИЯ ОТЗЫВА НА ПРОЧИТАННОЕ ПРОИЗВЕДЕНИЕ В ОБУЧЕНИИ ЛИТЕРАТУРНЫМ СКАЗКАМ УЧАЩИХСЯ ШКОЛ, ГДЕ ОБУЧЕНИЕ ВЕДЕТСЯ НА УЗБЕКСКОМ ЯЗЫКЕ

***E. Abdibaliev***

# THE ROLE OF THE STRATEGY OF WRITING REVIEWS ON THE READ WORK IN TEACHING LITERARY FAIRY TALES TO STUDENTS OF SCHOOLS WHERE INSTRUCTION IS CONDUCTED IN UZBEK

*УДК: 373.3*

*Бул макалада окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларына адабий жомокторду окутууда чыгармачыл жазуунун өнүгүшү каралат. Ошондой эле «Окуганга чейин, окуу учурунда, окугандан кийинки» стратегиялары аркылуу окуучуларга тема боюнча кенен түшүнүк берүүгө багытталат. Макалада окуган текстке пикир жазууда анын сюжетин ачуу боюнча сунуштар каралды. Мындай пикир жазуу окуучулардын ой жүгүртүү жана текстти куруу жөндөмдөрүн өркүндөтүп, оюн кагазга ырааттуу жазууну үйрөнүшөт, көркөм сөз каражаттарын колдонушат, пикир жазууда эмнеге көңүл буруу керектигине, көңүл буруу жөндөмүн өрчүтүшөт. Макалада окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларына чыгармага пикирди кантип жазуу жолдору көрсөтүлөт, анткени пикир – бул балдардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүргөн адамдын ой-пикири, көз карашы. Окулган чыгармага пикир жазуу стратегиясы менен окуучулардын тасмага, спектаклге, экскурсияга өз көз караштарын жана мамилелерин жазуу түрүндө билдире алышы айтылат.*

***Негизги сөздөр**: пикир, дилбаян, өзбек тили, мектеп, эксперимент, сюжет, текст, стратегия, окуган чыгарма.*

*В этой статье рассматривается развитие творческого письма при обучении литературным сказкам учащихся школ, где обучение ведется на узбекском языке, которое направлено на то, чтобы дать учащимся более широкое понимание темы с помощью стратегии «До, во время и после чтения». А также рассмотрены предложения по раскрытию сюжета произведений при написании отзывов к тексту и прочитанному произведению. Такой вид написания отзыва совершенствует мышление учащихся, их навыки построения текста, они учатся последовательно излагать свои мысли письменно, использовать средства художественной выразительности, на что обращать внимание при написании отзыва и развивают концентрацию. В статье указаны пути написания отзыва к произведению учащихся школ с узбекским языком обучения, потому что отзыв – это мнение, точка зрения человека, при написании которого у детей развивается критическое мышление. Стратегия написания отзыва на прочитанное произведение помогает учащимся выражать свое мнение и отношение в письменной форме также к фильму, пьесе, экскурсии.*

***Ключевые слова:** отзыв, эссе, узбекский язык, школа, эксперимент, сюжет, текст, стратегия, прочитанное произведение.*

*This article discusses the development of creative writing in teaching fairy tales to students of schools where instruction is conducted in Uzbek. It also aims to give students a broader comprehension of the subject through "Before, During and After reading strategy. The article proposes recommendations to unfold and develop the plot of the story while writing a text review. Such type of writing improves the thinking skills of students, their text construction skills, they learn to consistently express their thoughts in writing, use the means of artistic expression, what to look for when writing a review and develop concentration. The article indicates the ways of writing a review for the students of schools with the Uzbek language of instruction, because a review is an opinion, a person's point of view and develops children's critical thinking. The review writing strategy helps students to express their opinion and attitude in writing also to the film, play, excursion.*

***Key words**: review, essay, uzbek language, school, experiment, plot, text, strategy, work read, writing a review.*

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларынын өз оюн оозеки жана жазуу түрүндө ырааттуу билдирүү билгичтигин жана көндүмүн калыптандыруу негизги маселелерден. Бул маселе маалыматты кабыл алуу, анын мазмунун билдирүү же өз оюн топтой алуу билгичтигин өнүктүрүү жолу аркылуу ишке ашары абзел. Жалпы билим берүүчү мектептин бүтүрүүчүсү өз пикирин жазуу түрүндө бере алышы керек, анткени кийинчерээк аларга кат жазууга, доклад даярдоого, окулуп жаткан тема боюнча эскертүүлөрдү, комментарийлерди, керектүү формаларды толтурууга туура келет. Ал эми бул учурда жазуу сабатуулугу роль ойнойт. Учурдагы санариптик ааламдашуу доорунда технологиялардын жардамы менен интенсивдүү баарлашуу жүрүп жаткандыктан, жазуу түрүндөгү маалыматты берүүнү жана кабыл алууну билүү абдан маанилүү: электрон-

дук почта, онлайн чаттар, факстар, веб-сайттар, социалдык тармактар. Булардын бардыгы адам баласында жазуу көндүмүн жана сабаттуулугун талап кылат. Андыктан, чыгармачыл жазууну бардык предметтерди өздөштөрүү процессинде, башталгыч мектептен өнүктүрүү каралат.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй окуучулар окугандары жөнүндө жазган учурда, алар өз кабыл алуусун жана ой жүгүртүүсүн жакшырта тургандыгы көрсөтүлгөн. Башка изилдөөлөр жазып сынчыл ой жүгүртүүнү жакшыртарын белгилешкен.

Чыгармачыл жазуу көнүгүүлөрү окуучулардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын жогорулат, талдоо, топтоштуруу, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын табуу, жалпылоо жана системалаштыруу сыяктуу ой жүгүртүү системаларынын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Чыгармачыл жазуу коммуникациялык билгичтиктерди интенсивдүү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Окуучу өз оюн жазуу жүзүндө билдирүүгө үйрөнгөн учурда, окуганды, чечмеленгенди жана ойлонуп жаткан нерсени талдоого жөндөмдүү боло баштайт. Биз чыгармачыл жазуунун бир түрү болгон. Окуган чыгармага пикир жазууну карайбыз:

Пикир – бул адамдын бир нерсеге: окуяга, кубулушка, чыгармага карата оюу, көз карашы. Пикир көбүнчө дилбаян жазууда да билдирилет. Турмушта адамдардын бири-бири менен пикир алмашуусу- мамилелешүүсү, оозеки жөндөмү болот.

Дилбаянда – чыгарма, ал ошол чыгарманы жазып жаткан автордун пикирин, ички сезимдерин, ой толгоолорун чыгармачылык менен кагазга түшүрүлөт. Дилбаян жазуу – текст түзүп, байланыштуу сөздү өстүрүү үчүн аткарылган окуу ишмердиги, ошол эле кезде, автордун дүйнөсүн, турмуштук позициясын калыптоочу тарбиялоо каражаты жана эстетикалык табитти, адабий-коомдук түшүнүктү өстүрүүнүн формаларынын бири. Чыгармачылыктын мүмкүнчүлүктөрү абдан ар тараптуу болгондой эле, дилбаяндын тематикалык, жанрдык, стилдик жактары да чексиз кеңири. Тематикасына карап дилбаяндар экиге бөлүнөт: биринчиси – адабий-чыгармачылык дилбаяндар, башкача айтканда мында программада өтүлгөн темалардын негизинде окуучулар өз ойлорун кагазга түшүрүшөт; экинчиси – эркин темадагы дилбаяндар, мында окуучулар мектептин адабият сабагында атайын өтүлбөгөн, өз алдынча окулган чыгармалардын, же көргөн фильм, спектакль, сүрөттөрдүн, интернет материалдарынын, турмуштан алган таасирлердин негизинде жазышат. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде дилбаяндын эки түрү тең жазылат. Ошону менен катар биз чыгармачыл жазуунун башка түрлөрү, маселен, чыгармага пикир жазууну үйрөтүүбүз керек [5].

Чыгармачыл жазуу – бул окутуунун гана мыкты жолу эмес, ал сабактарды ар түрдүү, окуучулар үчүн кызыктуу жана жагымдуу кылууга мүмкүндүк берет. [3,4].

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларын дилбаян, окуган чыгармага карата пикир жазууга үйрөтүү күн сайын жазуу көндүмдөрүн өркүндөтүүнүн негизги максаттарынын бири. Дилбаян менен пикир жазуу бири-бири менен тыгыз байланышта, бири-бирин толуктап турат. Мында окуучунун көз карашы, ой толгоосу, сүрөттөсү, баяндоосу чагылдырылат.

Бүгүнкү күндө чоң класстар үчүн жыл сайын уюштурулуучу республикалык олимпиадада кыргыз тили жана адабияты предметинен Көркөм чыгармага пикир жазуу бөлүмүндө окуучулардын пикир жазууда кыйналганын билебиз. Ал жободо төмөнкүдөй көрсөтүлөт:

**Пикир-дилбаян.** Пикир-дилбаян жазуу үчүн окуучуларга адабий тексттер сунуш кылынат. Бул тексттер – көмөкчү суроолор менен коштолгон анча чоң эмес көлөмдөгү тексттер. Салыштырууга эки текст берилет. Тексттер төмөнкү талаптарга ылайык тандалган: аутенттик (чындыкка шайкеш), тема жана социомаданият жагынан ылайыктуу, окуучунун жаш өзгөчөлүктөрү жана окурман муктаждыктары эске алынган. Жазылган иш бүтүн, ырааттуу, аягына чыккан текст болууга тийиш.

Катышуучу:

• бардык жагдайларды жана деталдарды эске алып, ырааттуу текст жазса;

• текстте берилген окуяларга, буюмдарга, каармандарга, кубулуштарга өз мамилесин туюндурса;

• негизги проблемаларды атаса жана автордун ага болгон мамилесин билдирсе;

• жүйөлөрдү колдонуп, теманын формулировкасына таянып жана өз ойлорун тексттен, башка чыгармалардан, жеке тажрыйбасынан алынган мисалдар менен чагылдырып ой жүгүртсө, жазылган иш жакшы деп эсептелет.

Ишти текшерүүдө төмөнкү жөндөмдөр бааланат: конкурсант

• берилген темага жараша текст түзөт;

• ой жүгүртүүнүн далилдөөчү бөлүгүн курууда өз ойлорун логикалуу түрдө билдирет;

• ынанымдуу жүйөлөрдү келтирет;

• автордун белгиленген көйгөйлөргө карата болгон мамилесин аныктайт;

• өз позициясын чагылдырат (автордуку менен салыштырат);

• иштин жанры жана темасына жараша тил каражаттарын тандайт;

• текстти адабий тилдин нормаларына жараша түзөт [2].

Жогорудагы критерийлер окуучулардан логикалык ойлонууну, өз позициясын билдирүүнү, тилдик каражаттарга бай болуусун, адабий тилдин нормасын

так билүүсүн талап кылат. Бирок көпчүлүк окуучулар андай тапшырмаларды аткарууда кыйналганын билебиз. Ага даярдоо үчүн үчүн башталгыч класстан баштап калыптандырып баруубуз керек.

Окуучуларга жазуунун даярдоо, негизги, жыйынтыктоо үч баскычына үйрөтүү – алардын жазуусуна кантип жардам берерин жана кандайдыр бир стратегияга үйрөтүү менен аныкталат.

Чыгармачыл жазуу процессинин баскычтары.

Даярдык баскычы: Жазуу ишинин темасын тандоо; башкы ойду аныктоо; кептин стилин (көркөм, ишкер), тексттин түрүн (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана адабий жанрды (аңгеме, жомок, поэма, кичинекей поэтикалык чыгарма) аныктоо; тема жана аны ачуу ниетине ылайык материалдарды топтоо жана тандоо; жазуу ишинин планын түзүү.

**Негизги баскыч:** иштелип чыккан планга негизделүү менен, иштин чиймелеп жазган вариантын даярдоо, бул жерде жазылган тесттин ылайыктуулугун сактоо:

- тандалган жана негизги ойго;
- ойлорду берүүдө ырааттуулукка жана байланышка;
- тексттин түрүнө, кептик стилине, жанрына;
- тексттин түзүлүшүнө; ар кандай конструкцияларды жана лексикалык каражаттарды пайдаланууга.

Жыйынтыктоочу баскыч: Төмөнкүлөрдү эске алуу менен алгачкы тесттин талдоосун жүргүзүү:

- теманы жана негизги ойду ачуу;
- баяндоонун логикалуулугу;
- жалпылоонун бар болушу;
- автордун ой толгоосунун бар болушу;
- тандалган кептик стилге тексттин ылайык келиши.

Башкача айтканда ар бир баскычта окуучулар чыгармачыл жазуу ишин жаратуунун ар кандай стратегияларын колдонушат. Ал үчүн төмөнкү этаптарды эске алууга болот:

1. Моделдештирүү жана өзүнүн жардамын сунуштоо.
2. Акырындык менен жардамды азайтуу.
3. Окуучуларга өз алдынча жазууну сунуштоо.

Жазуунун үч баскычына натыйжалуу үйрөтүүдө убакытты талап кылат. Жазуу процессине үйрөтүү үчүн «Окуган чыгармага пикир жазуу» стратегиясы абдан натыйжалуу. Анткени, окуучулар окуяларды оңой айтып беришет. Скаффолдинг окуучулар үчүн оңой нерседен баштоону, андан соң татаалыраак нерселерге өтүүнү божомодойт. Жыйынтыгында окуучулар өз оюн айтуу татаал болгондугуна карабастан, окугандары жөнүндө жазуу оңойго турат. Анткени көпчүлүк окуучулар толук сүйлөмдү да жаза алышпайт, айрымдары эмнени жазууну ойлоп таба алышпайт, билишпейт. Жазуу үчүн үлгүнүн формасы толук сүйлөмдөрдү пландаштырууну жана жазууну жеңилдетет. Андан сырткары окуучулардын өз ойлорун айтууга үндөп, пикирлерин колдоо зарыл. Окуучулар жазуу үчүн үлгүсүн толтуруу үчүн өздөрүнүн жеке пикирлерин түзүү керек.

Жыйынтыгында окуучулар дил баяндарын жазып, пландап, баалай алышат жана мугалимдин текшерүүсүнө чейин кетирген каталарды оңдой алууга жетишишет. Окуучуларга өз пикирин билдирүүдө жана байланыштуу текст жазууда колдо көрсөтүү керек.

Биз жогорудагы стратегиялны пайдаланып 6-класстар менен биргеликте Райкан Шүкүрбековдун Иттин жомогу тестинин негизинде окуучулар менен чыгармага пикир жазып, эксперимент жүргүздүк. Окуган чыгармага пикир жазуу бул – окуган жөнүндө окуучунун жеке пикири, китептин негизделген баа берүүсү, окуган китеп чакырган сезимдеринин сүрөттөлүшү, окуучулардын өзгөчө көңүлүн алган учурларды белгилөө: ал каарман же анын аракеттери болушу мүмкүн, автор айтып жаткан кырдаал жана окуган окуяда эң баалуу болуп эмне болгондугун көрсөтүү.

**Стратегияны колдонгонго чейин.** Окуучулар чыгарманы окушат а) мектеп программасынын планы боюнча, б) класстан тышкаркы окуу боюнча, в)өздөрүнүн тандоосун боюнча [4].

**Стратегияны колдонуу учурунда**. Мугалим окулган чыгармага карата жазуу жүзүндөгү пикир кантип түзүлө тургандыгын, ага эмнелер кириши керектигин жана сүйлөм түзүү үчүн кандай сөздөрдү пайдаланууу сунуштала тургандыгын түшүндүрөт [4].

**ИТТИН ЖОМОГУ**

- Далайды көрдү ит башым,
Ким көрсүн көздөн ит жашын.
Ау-улап тынбай үрөмүн,
Дүйүм тилди билемин.
Жолдошум жок жанымда,
Жолбун болуп жүдөдүм.
Менин жолдош табуу тилегим

Аюу менен ит ажырашпас дос болушту. Күнүтүн бирге жүрүштү. «Биз», «сиз» дешип сыйлашып калышты.

Күн батып, кайра таң атып жүрүп билинбестен жер-суу өзгөрдү. Күн суук боло баштады. Кыш кирип келди.

Көп күндөрдүн бири, аюу кабагы салыңкы түрдө итке жаңы кабар угузмак болду. Аюу дайым кышта таманын соруп уктайт, жаз болгондо турат. Аны эл аюу чээнге кирди дейт. Ит болсо андай укмушуң менен иши жок. Ошондуктан ал кышы-жайы аюу менен бир жүрөм деп ойлогон. Аюу болсо итти да чээнге кирет экен деп жүргөн.

– Кана, досум, чээнге кирели, кыш кирип келди, - деди аюу.

– Ой, чээндегениң эмне? - деди ит таңыркап.

– Экөөбүз ушул үңкүргө киребиз да, кыштай коңурук тартып жата беребиз, жазында жер гүлдөп, жан багуу оңой болгондо чээнден чыгабыз.

– Ачка кыштай кантип уктайбыз, досум? - деди ит дагы ишене албай.

– Таманыңчы?

– Таманым эмне болуптур?

– Таманыңды соросуң, мен да өз таманымды сором, экөөбүз жаш балдар упчу соргонсуп, чопулдатып соруп жата беребиз, төрт таманыңдын да майы бүтөт, кыш да бүтөт, - деди аюу үргүлөп.

– Кайдагы май, - деп ит өзүнүн таманын көрсөттү. Аюу иттин таманын көрүп, жерге түкүрүп жатып:

– Ырас эле таманыңда чаңдан башка оозго илинер эчтеме жок го, - деди да кыйшая баштады.

– Досум, койчу, обу жок тамашаны, - деди ит ыйламсырап.

Бирок аюу анын сөзүн уккан жок. Кышкы уйкусуна өлгөн немедей сулалды. Ит көпкө отурду, акыры аюунун ойгонбосуна көзү жетти да:

– Ой, суук тумшугум ой, жер жылышка али көп бар көрүнөт го, - деди. Анан ордунан салмактуу турду да дагы жортуп жөнөдү [3].

Алгач окуп түшүнүү боюнча Окуганга чейин, окуу учурунда, окугандай кийинки стратегияны пайдаландык. Окуучулар чыгарманын сюжети кандай өнүгөрү жөнүндө божомолдоолорду: Балдар, аюу тууралуу эмнелерди билесиер? А иттер тууралуучу? Бул чыгарма эмне жөнүндө болушу мүмкүн? Чыгармада кандай окуялар болот деп ойлойсуңар? - деген суроолордун негизинде түзүштү. Текстти окуп жатып, балдар окуганга чейин коюлган суроолорго жооп табууга аракет кылышты. Окуу учурунда биргелешип окуу менен чыгарманын сюжетин түшүнүштү. Окугандан кийин чыгарманын каарманы, кандай окуялар болгондугу талкууланды. Окуучулар мугалим тарабынан даярдалган Окуган чыгармага пикирдин болжолдуу планын ар бир окуучуга берди. Алардын арасынан Солижанов Бекзат Окуган чыгармага пикирди төмөнкүдөй жазган:

«Бул чыгарма жакты. Ар бир жаныбар табиятынан ар кандай жашоосу таасирлентти. Чыгарма кызыктуу. Себеби, аюу иттин да таманында май бар деп элестетип, өзүндөй ойлоп таманын соруп алды. Автор аюунун чээнде кышы менен уктаганын, ал эми иттердин жайы-кышы тынбай жортуп, үрүп жүргөнүн сүрөттөйт. Мага өзгөчө чыгарманын башкы каармандарынын бири ит жакты, себеби ал жалкоолонуп жатып албайт. Биздин турмушта да үй кооруйт, адамдын досу болот. Бул чыгарма кызыктуу, түшүнүктүү жазылган».

Класс боюнча ар бир окуучу өз оюн түрдүүчө жазып беришти. Каалоочу окуучулар өздөрүнүн жазган эмгектерин доскага чыгып окушту. Мында да окуучуда өз алдынча чыгарма жараткандыктан толкундануу, сүйүнүү сезимдери болду.

Корунтунду. Заманбап-жазуучу, фантаст Нил Гейман: «Окуу көндүмү – бул мектепти же университетти аяктагандан кийин да токтобогон билим алуу. Бул – эс алуу, бул – баш паанек жана маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгү», - деп айткан. Ошону менен катар жазуу көндүмүн да калыптандыруу негизги милдеттердин, максаттардын бири болууга тийиш [4]. Натыйжада, Окуган чыгармага пикир жазуу менен 6-класстын окуучуларында болгон билимдерин жана тажрыйбаларын актуалдаштыруу, сөз байлыгын байытуу, окуган текстин терең түшүнүүсү менен окуп-үйрөнгөн көндүмдөрү бекемделет.

**Адабияттар:**


1. Башталгыч мектепте чыгармачыл жана күн сайын жазуу: 4-5 модулдар/ түз.авт. Орозова Р. А. - Б., 2021.
2. Келгиле окуйбуз! Окуганын түшүнүү. / Программа. МОиН КР и ЮСАИД. [Эл.ресурс]: https://edu.gov.kg/media/files/fefc7a7e-9ec4-43fb-86a8-6ac3fa34f2cf. pdf
3. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы). - Б., 2004.
4. https://testing.kg/media/uploads/files/olimpiada/Kyrg%20for%20kyrg_new.pdf
5. Абдибалиев Э.А. Методологические основы исследования проблемы преподавания литературных сказок в школах с узбекским языком обучения. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 7. С. 270-273.
6. Абдибалиев Э.А Исследование проблемы преподавания литературных сказок в школах с узбекским языком обучения. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 7. С. 266-269.